**Эдилбек Амантур уулунун “XX кылымдагы ислам мамлекеттүүлүгүнүн тарыхы”** деген темадагы 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына эксперт тарых илимдеринин доктору Омурова Жамыйкат Орозбековнанын

# ПИКИРИ

**1. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.**

XX к. дүйнө жүзүндө болуп жаткан тарыхый окуялар, анын ичинде ислам динindeги өлкөлөрдүн мамлекетүүлүгүнүн калыптануусун жана өнүгүүсүн изилдөө актуалдуу маселелерден.

Заманбап дүйнөдөгү ислам өлкөлөрү эл аралык мамилелер системасында жана эл аралык саясатта олуттуу роль ойнойт. Анткени жер шаарында мусулман элдеринин саны жыл сайын жогорку көрсөткүч менен көбөйүүдө. Ислам дүйнөсү туруктуу экспансия тенденциясын көрсөтүп жатат жана эксперттер 2050-жылга чейин дүйнөдө мусулмандардын саны христиандардан да көп болот деген пикирде. Анткени, мусулмандар дүйнөнүн көпчүлүк өлкөлөрүндө жашашат.

Учурда ислам дүйнөсү өзүн барган сайын эл аралык маанидеги активдүү актор катары көрсөтүүдө. XX к. исламдашуунун консолидациялануу жана активдештирүү мезгили болуп калды. Ислам дүйнөсүнүн дүйнөлүк саясатында алдыңкы орунга чыгып жаткандыгы учурда көптөгөн саясат таануучулар, тарыхчы окумуштуулар мурда “төмөн” болсо, бүгүнкү күндө барган сайын көбүрөөк активүү көрүнүүдө дешет. “Ислам дүйнөсү” түшүнүгү үч аспектиден турат: диний-маданий, географиялык жана саясий.

Диний жана маданий мусулман дүйнөсү - жалпы диний жана маданий баалуулуктар менен байланышкан ишенимдештердин жашоо коомчулугу. Бул аспект үчүн “үммөт” термини колдонулат – мусулман коомчулугу, алар кайда жашашса да, бардык момундардын ажырагыс биримдиги. Учурда планетанын калкынын саны 7 млрд ашуун адамга жетти, алардын 2,2 млрд мусулмандар (б.а. дүйнө калкынын 36%ы) түзөт.

Ислам Үммөтү негизинен 120дан ашык мамлекетти жана өлкөнү камтыйт – Батыш, Борбордук, Түштүк, Түштүк-Чыгыш Азия жана Түндүк Африкадагы, 28 өлкөнүн мамлекеттик дини - Египет, Сауд Аравиясы, Марокко, Кувейт, Иран, Ирак, Пакистан ж.б.

Географиялык аспект – жер шарынын калкынын басымдуу бөлүгүн мусулмандар түзөт. Алар бардык регионду өз ичине камтыган зор аймак – Батыш Африкадан Түштүк-Чыгыш Азияга, анын ичинде Европага, Россия, Кавказ, Орто Азия, Индия, Кытай, Индонезия.

“Ислам дүйнөсү” түшүнүгүнүн саясий аспектиси – ислам мамлекеттери (Иран, Пакистан, Сауд Арабиясы, Бруней ж.б.) же расмий эмес (Индонезия, Малайзия, Тунис, Бангладеш ж.б.) өздөрүн мусулман мамлекеттери катары көрсөтүшөт. Бул өлкөлөр мусулман деп эсептелет же исламдаштырылган, ал өлкөлөрдөгү негизги калк ислам динин тутушат же титулдук улуту мусулман.

Саясий мааниде өзгөчө баса белгиленген “Исламдык Чыгыш” деп аталган Араб өлкөлөрү, Иранды кошкондо, Батыш Азия территориясында болгондугу менен дүйнөлүк коомчулуктун көңүлүн бурат. Бул аймакта мусулман дининин жаралышынын тарыхый борборлору - Мекке жана Мадина жайгашкан. Бул жерде исламды өз алдынча цивилизация катары айтууга мүмкүндүк берген маданий, саясий жана экономикалык өзгөчөлүктөр калыптанган. Бул жерде араб-мусулман, иран-мусулман, түрк-мусулман салттарына негизделген мамлекеттүүлүк, дал ушул жерде кеңири жайылган.

**2. Илимий жоболордун негизделишинин деңгээли.**

Изилденилип жаткан диссертациянын илимий жыйынтыктарынын жаңычылдык денгээли катары төмөнкүлөрдү белгилеп кетүүгө болот.

**1-жыйынтык.** Ислам мамлекеттүүлүгүнүн тарыхы бүткүл адамзат тарыхынын жана мамлекеттердин тарыхынын маанилүү бөлүгү болгондуктан ал мамлекеттердин тарыхый үлгүлөрүн толук изилдөөгө байланышкан илимий эмгектерди шарттуу түрдө алты топко бөлүнүп илимий талдоого аракет жасалган;

**2-жыйынтык.** Ислам мамлекетүүлүгүнүн тарыхын изилдөөнүн негизги булактарынын өзгөчөлүгү катары ислам мыйзамдарынын негизги булактары каралган. Булактарды эки топко бөүп изилденген;

**3-жыйынтык.** Ислам мамлекетинин мамлекет жөнүндөгү негизги концепциясы Батыштын салттуу түшүнүгүнөн олуттуу айырмаланса да, евро-америкалык маданияттын ислам өлкөлөрүнүн конституциялык укугуна тийгизген таасирин байкабай коюу мүмкүн эмес. Азыркы ислам өлкөлөрүнүн көбү өздөрүнүн конституцияларын кабыл алышкан жана белгилүү бир деңгээлде бийликти бөлүштүрүү механизмдери киргизилгендигин байкоого болот.

**4-жыйынтык.** Ислам мамлекеттүүлүгүнүн классикалык концепциясын талдоо анын түптөлүшүнүн негизги өбөлгөлөрүн жана принциптерин, ички жана тышкы саясаттын векторлорун, ислам үммөтүнүн (коому) мамлекеттик бийликтин түзүмүнө тийгизген таасиринин деңгээлин аныктоого мүмкүндүк берет. Бул суроолорго жооптор биринчи ислам мамлекетинин – Араб халифатынын калыптанышында жана анын кийинки эволюция процессинде жатат. Биринчи ислам мамлекеттүүлүгүнүн мамлекеттик генезисин изилдөөдөн ислам мамлекети концепциясы келип чыккан ислам укук системасынын концептуалдык негиздерин түзүүгө мүмкүндүк берет.

**3. Диссертацияда чыгарылган жыйынтыктын (илимий жобонун), корутундусунун негиздүүлүгү жана ишенимдүүлүгү.**

1-корутунду. Изилдөөнүн далилдүү илимий жыйынтыктары илимий адабияттар менен тарыхый булактарга таянат;

2-корутунду. Ислам мамлекеттик түзүлүштүн шииттик жана сунниттик версияларынын негизги өзгөчөлүктөрүн ачып көрсөткөн;

3-корутунду. Иран Ислам Республикасынын мамлекеттүүлүгүн жана ал өлкөдө өкүм сүргөн Имам Хомейнинин “Ислам мамлекети” концепциясына талдоо жүргүзгөн;

4-корутунду. Сауд Арабия Королдугундагы ислам мамлекеттиги суннизм менен ваххабизмдин саясий-укуктук системасынын негизинде мамлекеттик башкаруу ишке ашырылат;
5-корутунду. Түштүк – Чыгыш Азия өлкөлөрүндөгү саясий өзгөрүүлөргө исламдын тийгизген таасири жана мамлекетүүлүгүнүн калыптануусун талдоо жургүзгөн.

**4. Диссертациянын иштин илимий жыйынтыктарынын ички биримдигин баалоо.**

Диссертант илимий изилдөөсүн ар тараптуу караганга аракет жасаган. Чогултулган материалдарды хронологиялык-системага салып, диссертацияда коюлган милдет жана максаттарын ачып берүүгө аракеттенген. Диссертациянын илимий жана практикалык маанисин ачууда, изилдөөгө алынып чыгылган актуалдуу маселелерди чечүүдө иштин илимий жыйынтыктарынын ички биримдигине жетүүгө аракети бар.

**5.Диссертациянын негизги жоболорун, натыйжаларын жана корутундуларын жарыялоонун жетиштүү толуктугун ырастоо.**

Диссертанттын изилденген маселе боюнча 9 макала даярдалган, анын ичинен 4 чет өлкөдө жарыкка чыккан.

**6. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна туура келиши.**

Диссертациянын кол жазмасына карата идентивдүү эки тилде (кыргыз, орус) даярдалган автореферат диссертациянын мазмунуна дал келет жана диссертацияда максаты менен милдеттерине авторефераттын текстинде чагылдырылган материалдар бар. Автореферат кыргыз, орус жана англис тилиндеги резюмелер менен жабдылган.

**7. Диссертациянын мазмуну жана аны жасалгаланышы боюнча кемчиликтери.**

1. Диссертациянын актаулдуулугун, коргоого коюлуучу негизги жоболорун кайрадан диссертациялык иштин баптарынын жыйынтыктары менен туура чыгаруу керек. Тарыхнаамада кээ бир окумуштууларынын эмгектери диссертациялык ишке тиешеси жок болсо да берилип калган (С. Б. Дорженов, О. Молдалиев ж.б.)
2. Ирандагы Ислам мамлекетинин идеологиясы өнүгүшү менен өзгөчөлөнгөн. Анын авторлору диний модернизм идеяларынын жолдоочулары аятолла Р.Хомейни, А.Табатабаи, С.М. Талегани, М.Мотаххари, М.Бехешти, М.К. Шариатмадари, ошондой эле А.Шариати, М.Базарган ж.б. болгон. (95-б) Аталган абторлордун эмгектерин колдонуу менен анализ чыгаруу зарыл.
3. Түштүк – Чыгыш Азиядагы – Индонезия, Малайзия, Сингапур жана Бруней XX кылымдагы мамлекеттүүлүгүнүн калыптануусундагы өзгөчөлүктөрү талдоодо анализ жокко эсе. Ар бир мамлекет боюнча жалпылаштырылган маалымат берилгени менен ислам мамлекетүүлүгүн түзүүдөгү ордун мүнөздөө керек.

**8. КР УАКтын диссертацияларга койгон талабына жооп бериши.**

Эдилбек Амантур уулунун “XX кылымдагы ислам мамлекеттүүлүгүнүн тарыхы” **деген темадагы 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча** тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу даярдалган диссертациясынын кол жазмасын жогоруда көрсөтүлгөн мүчүлүштүктөргө карабастан өз алдынча жазылган илимий эмгек деп эсептесе болот. Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясынын кандидаттык диссертацияларга койгон талаптарына жооп берет.

**Эксперт,**
**тарых илимдеринин доктору** **Омурова Ж.О.**

**Расмий оппоненттин колун тастыктаймын:**
Д. 07.23.671 Диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы, т. и.д. Карыева А.К.